КАРАЛДЫ
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңешинин 26.06.2023-жылдагы
№ 11протоколу менен бекитилген

**БЕКИТЕМИН**
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору
_____________ К.Ж.Усенов
«___» ___________ 2023-ж.

**Жалал – Абад мамлекеттик университети тарабынан каржылануучу илимий долбоорлордун конкурсу боюнча**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы бөлүк

1.1. Бул Жобо Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Илим бөлүмү тарабынан иштелип чыгылды жана конкурска катышуучу документтерди жана талаптарды бирдей тартипке келтирүү максатты ишке ашырууга багытталды.
1.2. Конкурс илимдин баардык тармактары боюнча жарыяланат. Терең фундаменталдык, колдонмо багыттагы изилдөөлөргө артыкчылык берилет.
1.3. Конкурска берилген илимдин багыты башка булактардан каржыланбоосу шарт.
1.4. Жарыяланган конкурска ЖАМУда эмгектенген окумуштуулар гана катыша алат. ЖАМУдан сырткаркы мекемелерде иштеген кызматкерлерди конкурстук проектинин жетекчисинин түздөн түз окуучусу болгон учурларда кошуу мүмкүн.

## 2. Илимдин багыттары:

2.1. **Табигый илимдер:**
- Математика
- Механика
- Физика
- Химия
- Биология
- География
- Экология жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу
- Суу ресурстары

2.2. **Техникалык илимдер:**
- Машина куруу жана машина таануу
- Энергетика
- Информатика жана эсептөө техникасы
- Химиялык технология
- Биотехнология
- Тоо кендерди иштетүү
- Өзгөчө кырдаалдардан сактануу

2.3. **Айыл–чарба илимдер:**
- Мал чарбачылык
- Канаттууларды өстүрүү
- Ветеринардык илимдер

2.4. **Коомдук – гуманитардык илимдер:**
- Экономика
- Юридика
- Педагогика
- Психология
- Социалдык иш
- Саясат таануу
- Тарых
- Философия
- Филология

2.5. **Медициналык илимдер:**
Баардык багыттар боюнча

## 3. Конкурска даярдалуучу документтер:

3.1. Конкурска катышуу үчүн арыз (ректордун наамына)
3.2. Проект жөнүндө кыскача маалымат (илимдин багыты, проектин аталышы)
3.3. Проектке катышуучулардын тизмеси:
(илимий даражасы, наамы, проектилерде иштөө тажрыйбасы, акыркы үч жылда импакт-фактору нөл болбогон журналдарда басылган эмгектердин тизмеси, алынган патенттер, иштеген жери, ээлеген кызматы)
Маалыматтар ар бир катышуучу үчүн жекече толтурулат.

## 4. Конкурстук суранычнаама

4.1. Жалпы маалымат:
- проектин аталышы
- проектин жетекчиси
- проекттин максаттары жана маселелери
- негизги көрсөткүчтөр
- аткаруу мөөнөтү жана баскычтары
- каржылоонун жалпы көлөмү

4.2. Проблеманын кыскача мазмуну (кыскача проблеманын мазмуну келтирилет)
4.3. Коюлган проблеманы чечүүнү негиздөө (проблеманы чечүүнү зарылдыгы, чечүүнүн түрдүү жолдорун анализдөө, проблеманын илимий жаңылыгы, алгачкы изилдөөлөргө анализ, алынуучу жыйынтыктар жана алардын экономикалык, социалдык ж.б. эффективдүүлүгү)
4.4. Проектин максаттары жана маселелери, проектин аткарылышына баа берүүгө мүмкүн болгон көрсөткүчтөрү. (Бул бөлүктө максатка жетүү мөөнөтү жана анын этаптары, баскычтар боюнча коюлган маселелердин чечилишин баалоого мүмкүн болгон көрсөткүчтөр, маселелерди чечүүнүн жолдору жана ыктары көрсөтүлөт)

4.5. Проекти каржылоонун көлөмү

(Каржылоо баардык мөөнөт үчүн түзүлөт жана ар бир баскыч боюнча максатка ылайыктуу бөлүштүрүлөт. Каражатты проектин максатынан сырткаркы максаттарга колдонууга болбойт)

**Чыгымдардын болжолдуу сметасы**

| Чыгымдын коду | Чыгымдардын аталышы | 2019-жылга суралган сумма |
|---|---|---|
| 2111 | Эмгек акы | |
| 2121 | Социалдык фонд үчүн салык | |
| 2211 | Кызмат сапарга кеткен чыгымдар | |
| 2214 | Транспорттук чыгымдар | |
| 2215 | Буюм, эмеректерди сатып алуу | |
| 2221 | Оңдоп түзөөгө кеткен чыгымдар | |
| 2222 | Иштетүүчү буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | |

4.6. Күтүлүүчү эффект жана проектин натыйжалуулугу

(Бөлүм: проектин университеттин, аймактын, өлкөнүн экономикалык, социалдык өнүгүшүнө кошуучу салымына жалпы бааны, илимий – техникалык, экономикалык – социалдык, экологиялык эффективдүүлүгүн жана бөлүнгөн каражатты максаттуу пайдалануу боюнча маалыматтарды камтууга тийиш)

Натыйжалар өндүрүштө колдонуу, даяр продукциялар (макет, эмгектин биринчи экземплярлы, программалык камсыздоо, жарыяланган макалалар, патенттер) жана башка түрдө көрсөтүлүшү шарт.

## 5. Конкурстук тандоо

Тандоо конкурстук комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Негизги көңүл теманын актуалдуулугуна, практикалык колдонулушуна же фундаменталдык изилдөөнүн маанилүүлүгүнө жана алынуучу жыйынтыктардын өзгөчөлөнгөн жактарына бурулат. Конкурстун жыйынтыктары боюнча кайым – айтышуулар, талаш-тартыштар жүргүзүлбөйт.

## 6. Жыйынтыктоочу жоболор

Проект боюнча келишимдер университет жана проектин жетекчисинин ортосунда жүргүзүлөт.

Долбоор боюнча сунуштарды Илим бөлүмүнө тапшырууңуздарды өтүнөбүз.